Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы**
**(2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн)**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөттөрү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Индикаторлор/аткаруу боюнча чаралар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **Коррупцияны алдын алуу максатында мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | Мамлекеттик башкаруу органдарынын ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | 2. Борбордук мамлекеттик органдардын ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктоочу ченемдик укуктук актылардын жоболорунда, алардын кызматтык нускамаларында мамлекеттик органдардын (ведомстволук бөлүмдөрдүн), жетекчилеринин кол алдындагы кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин бекитүү | 2025-жылдын III кварталы | Мамлекеттик органдардын жана аткаруу бийлигинин административдик органдарынын жоболорун бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, алардын ведомстволук бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин кызматтык нускамаларына коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү чараларын көрбөгөндүгү үчүн алардын жетекчилеринин жоопкерчилигин | Жетекчилик Административдик колдоо башкармалыгы | Жетекчинин кызматтык нускамасына, кол алдындагы кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин жогорулаткан ченемдерди киргизүү. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жогорулаткан толуктоолор киргизүү. | | |
| 2 | Мамлекеттик башкаруу системасынын кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү | Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо үчүн шарттарды жакшыртуу, мамлекеттик органдарда иштин кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу секторунда коррупциялык тобокелдиктердин болушун төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу | 2025-2027-жылдар | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо жана системаны жакшыртуу боюнча чаралар көрүү | Кадрлар сектору | Учурдагы кадрларды тандоо шарттарына, ыкмаларына, системаларына, кадрдык потенциалды сактоо, мамлекеттик кызматтын кадыр-баркын жогорулатуу боюнча чараларга талдоо жүргүзүү, тиешелүү сунуштарды киргизүү. |
| **Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | |
| 3 | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | 1. Бийлик органдарынын жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол-жоболордун жана чечимдерди кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу | 2025-жыл | Жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылынган документтердин тизмесин кыскартууга багытталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу. | Суу ресурстары башкармалыгы | 1. Бийлик органдарынын жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү жана негизги аткаруучуга жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу жана чечимдерди кабыл алуу процесстерин жөнөкөйлөтүү боюнча зарыл маалыматтарды берүү же тиешелүү сунуштар киргизүү. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2. Мамлекеттик органдарда уруксат берүүчү жана түзүлүүчү келишимдерге байланышкан административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү | 2025-2027-жылдар | | | 2. Суу чарба башкармалыктары суугат сууга болгон келишимдерди, тариф саясатыбоюнча маалымат берүү менен байланышкан административдик жол-жоболорго талдоо жүргүзүү жана мүмкүнчүлүк болсо жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү боюнча иштер жүргүзүү. |
| 4 | Жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Суу ресурстарына келип түшкөн коррупциялык мыйзам бузууга байланыштуу кайрылууларды (даттанууларды) карап чыгып, коррупциянын алдын алуу жана ага жол бербөө боюнча конкреттүү чараларды көрүү | 2025-2026-жылдар | Ички укуктук актылар менен кайрылууларды талдоо жана коррупциянын алдын алуу чараларын кабыл алуу тартиби жөнгө салынган жана ал жыл сайын жүргүзүлөт | Административдик колдоо башкармалыгы | Жыл сайын жүргүзүлүүчү коррупциянын алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен арыздарды талдоо тартибин жөнгө салуучу ички укуктук актыны кабыл алуу |
| **Санариптештирүү процесстерин өнүктүрүү жана азыркы этапта коррупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын бири катары мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн ишине маалыматтык технологияларды киргизүү** | | | | | | |
| 5 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү, административдик жол-жоболорду санариптештирүү | 1. Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондуксанариптик форматка өткөрүүнү жана "Түндүк" ЭВӨС аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо, административдик жолжобону жүргүзүү процессинде санариптик технологияларды колдонуу, экономиканын бардык тармактарында АМСти ишке | 2025-2026-жылдар | Мамлекеттик кызматтар калкка электрондук-санариптик форматта көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды | | Электрондук форматка өткөрүлүшү керек болгон мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү, уруксаттарды аныктоо максатында, СРК тарабынан көрсөтүлүүчү жана берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө, уруксаттарга талдоо жүргүзүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | киргизүү, башка АМСтер менен интеграциялоо | | | | |
| 6 | Жарандардын маалыматка жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу | Расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, Коррупцияны алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалыматтарды мезгил-мезгили менен жарыялоо, жарандардын маалыматка эркин жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү программалык-маалыматтык камсыздоонун санариптик технологияларын киргизүү, ошондой эле мобилдик тиркемелерди өнүктүрүү | 2025-2027-жылдар | КР САЧКӨМнин жана СРКнын расмий сайтында ишмердүүлүгү жана коррупциянын алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалыматтарды жарыялоо чаралары көрүлдү. Бул үчүн «Коррупцияга каршы аракеттенүү» атайын бөлүгүн мазмуну жаңыланып, маалыматтык актуалдаштыруу жүргүзүлдү. Ошондой эле ишмердүүлүк жана көрсөтүлүүчү кызматтар тууралуу заманбап программалык-маалыматтык камсыздоо жана мобилдик тиркемелер ишке киргизилип, маалыматка жетүү камсыз кылынды | Административдик колдоо башкармалыгы | СРКнын коррупцияны алдын алуу жаатындагы иштери жөнүндө маалыматтарды жарандарга жеткирүү боюнча чаралар көрүү. |
| **Жарандык коомдун коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүнө катышуусу** | | | | | | |
| 7 | Коррупцияга каршы тематика боюнча республикалык жана эл аралык масштабда илимий-практикалык иш-чараларды уюштуруу | Коррупцияга каршы тематикадагы республикалык, эл аралык конференцияларды, тегерек столдорду уюштуруу жана өткөрүү жана ушул сыяктуу иш-чараларга катышуу | 2025-2027-жылдар | Коррупцияга каршы тематика боюнча илимий-практикалык иш-чаралар өткөрүлдү | Административдик колдоо башкармалыгы | 1. Коррупцияга каршы тематика боюнча практикалык иш-чараларды өткөрүү.<br>2. Өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө КР САЧКӨМгө маалымат берүү. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдо коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө сабырсыздык мамилени чагылдырган активдүү коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу** | | | | | | |
| 8 | Коррупцияга каршы маданиятты өнүктүрүү, коомдо коррупцияга сабырсыздык мамилени чагылдырган баалуулуктар системасын сактоо жана бекемдөө | 2. Коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу процессин жооптуу мамлекеттик, муниципалдык органдардын, илимий, маданий жана билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын, жарандык коомдун институттарынын, бизнес-коомдоштуктун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен камсыз кылуу | 2025-2027-жылдар | Жарандардын укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын деңгээлин жогорулатууга, коррупцияга каршы жүрүм-турумду калыптандырууга, укуктук нигилизмди жеңүүгө, коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө сабырсыздык атмосферасын түзүүгө багытталган Коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп жатат | | Коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын (тиешелүү программа кабыл алынган соң) ишке ашыруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү |
| **Стратегияны ишке ашыруу механизмдери, финансы ресурстары** | | | | | | |
| 9 | Стратегияны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу | Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегиялык ыкмаларды жана багыттарды камтыган, ушул Иш-чаралар планынын биринчи этабын ишке ашыруу механизмдерин камсыз кылуу | 2025-жылдын I кварталы | Мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жыл сайын Стратегиялык документтин иш-чаралар планын ишке ашырууну камсыз кылуучу иштин багыттары боюнча деталдаштырылган коррупцияга каршы пландуу иш-чаралар бекитилген | Административдик колдоо башкармалыгы | 1. Жыл сайын Стратегиялык документтин иш-чаралар планын ишке ашырууну камсыз кылуучу СРКнын деталдаштырылган коррупцияга каршы пландуу иш-чаралары бекитилди.<br>2. КР САЧКӨМдүн коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | алуу чөйрөсүндөгү пландарынын СРК тарабынан аткарылышын контролдоо, ошондой эле сектор менен өз ара аракеттенүү боюнча жооптуу адамдар аныкталып, кызматчынын кызматтык милдеттеринде аларга тиешелүү функциялар каралып, тиешелүү буйруктар чыгаруу. |
| 10 | Пландуу иш-чараларды актуалдаштыруу, жаңы милдеттерди коюу жана коррупциянын азыркы чакырыктарына жана коркунучтарына ылайык келген коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу | Коррупцияга каршы пландуу иш-чаралардын I этабын ишке ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу жана 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын II этабынын долбоорун иштеп чыгуу | 2027-жылдын I жарым жылдыгы | Талдоонун негизинде 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планы даярдалды жана бекитилди (II этап) | Административдик колдоо башкармалыгы | Стратегияны ишке ашыруу боюнча РАӨБдүн иш-чаралардын планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) аткаруунун жыйынтыгы менен жасалган иштердин жыйынтыктарына талдоо жүргүзүү жана 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын (II этабы) долбоору |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | даярдоого активдүү катышуу |
| **Стратегияны ишке ашыруу процесстерине мониторинг жана баалоо жүргүзүү** | | | | | | |
| 12 | Стратегияны ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү | Коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетту даярдоо үчүн ички мониторинг жүргүзүү | Кварталдын акыркы айынын 15-не чейин | Квартал сайын, кварталдын акыркы айынын 15-нен кечиктирбестен, жооптуу аткаруучулар тарабынан Стратегиядан келип чыккан ушул Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчеттор даярдалды | Административдик колдоо башкармалыгы | Тиешелүү отчеттор КР САЧКӨМ Коррупцияга каршы аракеттенүү жана кызматтык текшерүү секторуна берүү |

**Кыскартуулар:**

КР САЧКӨМ - Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги;
ЖӨБО - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
“Түндүк” ВЭӨС – “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы;
АМС – автоматташтырылган маалыматтык система;
РАӨБ -райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын.
СРК – Суу ресурстары кызматы